**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

“Адилет” укуктук клиникасы” коомдук фондунун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-ноябрындагы аныктамасына даттануусу боюнча

# Т О К Т О М У

2024-жылдын 26-декабры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы М.Э. Айтмырзаевдин катышуусунда “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, “Адилет” укуктук клиникасы” коомдук фондунун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-ноябрындагы аныктамасына карата даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

“Адилет” укуктук клиникасы” коомдук фондунун өтүнүчү боюнча даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды изилдеп чыгып, судьи-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2024-жылдын 21-октябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна “Адилет” укуктук клиникасы” коомдук фондунун атынан анын директору Ч.И.Джакупованын “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 7, 8, 9, 10, 11-бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 2-бөлүгүнө, 8-беренесинин 1-бөлүгүнө, 23-беренесинин 2, 4, 5-бөлүктөрүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 32-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө, 37-беренесинин 2, 4, 5, 6-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан белгилүү болгондой, талашылып жаткан ченемдер чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткаруучу коммерциялык эмес уюм (мындан ары – КЭУ) жана иш-аракеттердин кеңири спектрин, анын ичинде коомдук иш-чараларга, шайлоо процесстерине катышуу, мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү жана коомдук-саясий көз караштарды калыптандырууну камтыган саясий ишмердүүлүк түшүнүктөрүн аныктайт.

Арыз ээси бул ченемдер мамлекеттин жана коомдун иштерин башкарууга жарандардын эркин жетүүсүн кепилдеген эл бийлигинин конституциялык принциптерин бузат деп тастыктайт. Жарандык коомдун, анын ичинде КЭУлардын ишмердүүлүгү демократиялык эркиндиктерди ишке ашыруунун, жарандардын кызыкчылыктарын билдирүүнүн жана коомдук контролду ишке ашыруунун маанилүү инструменти болуп саналат.

Өзүнүн жүйөлөрүн негиздөөдө арыз ээси 2024-жылдын 14-октябрындагы Укук аркылуу демократия үчүн Европа комиссиясынын (мындан ары – Венеция комиссиясы) “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 2-апрелиндеги Мыйзамына карата

корутундусуна шилтеме жасаган, анда биригүү эркиндигине, пикир билдирүү эркиндигине, жеке турмуштун кол тийбестигине жана дискриминациядан эркин болууга укуктарды урматтоого, коргоого жана көмөктөшүүгө мамлекеттердин милдети баса белгиленген.

Кайрылуу субъектиси КЭУлардын ар кандай иш-аракеттерин камтыган саясий ишмердүүлүк түшүнүгүнүн кеңири чечмелениши жөнүндө белгилеген, бул мамлекетке аларды максаттуу багытына карабастан саясий деп квалификациялоого мүмкүндүк берет. Арыз ээсинин пикири боюнча мындай аныктама укуктарды жана эркиндиктерди ашкере чектейт, иш жүзүндө жарандарга мамлекеттик жана коомдук маанилүү маселелерди чечүүдө тоскоолдук кылат.

Арыз ээси Конституциянын 36 жана 33-беренелерине шилтеме жасап, чет өлкөдөн каржыланган КЭУлардын саясий ишмердүүлүккө катышуусуна тыюу салуу биригүү эркиндигине, маалымат издөөгө жана жайылтууга укуктарды бузаарын көрсөткөн. Бул чектөө Конституциянын 23-беренесинин максаттарына да туура келбейт. Ошентип, КЭУлардын ишине мамлекеттик көзөмөлдү орнотуу аларды маанилүү маалыматтарды таратуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат жана коомдук активдүүлүктүн деңгээлин төмөндөтүп, мамлекеттик институттар менен өз ара аракеттенүүсү басаңдайт.

Ч.И. Джакупова, чет элдик каржылоодо КЭУлардын саясий иштерге катышуусу, аларды каржылоонун аз өлчөмүндө да автоматтык түрдө “чет элдик өкүл” категориясына таандык кылынууга алып келерин баса белгиледи. “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Мыйзам чет өлкөлүк каржылоонун өлчөмүнө минималдуу талаптарды белгилебейт жана анын булактарынын айырмачылыктарын көрсөтпөйт, бул Венеция комиссиясынын корутундусунда белгиленгендей, Мыйзамды колдонууда бүдөмүктүктү жана күтүлбөгөндүктү жаратат.

Бул контексттен алганда, арыз ээси мамлекеттердин чет өлкөлүк каржылоодогу КЭУларга терс ярлыктарды илүүдөн карману зарылдыгына көңүл бурат, анткени бул аларга карата коомчулуктун ишенимин кетирип,

алардын мыйзамдуу ишмердүүлүгүнө негизсиз тоскоолдуктарды жаратат.

Мындай КЭУлардын саясий ишмердүүлүккө катышуусуна, анын ичинде мамлекеттик органдар жөнүндө маалыматтарды таратууга тыюу салуу мамлекеттик коопсуздукту же тышкы кийлигишүүдөн коргоону камсыз кылуу максаттарына өлчөмдөш эмес, тескерисинче, жарандардын өз пикирин билдирүү, мамлекет жана коом үчүн маанилүү көйгөйлөрдү талкуулоого катышуу укугун бузат.

Талашылып жаткан ченемдер Конституциянын 37-беренесинин бир катар бөлүктөрүндө каралган, жарандардын мыйзамдарды, республикалык жана жергиликтүү маанидеги чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга катышуу укугун ишке ашыруусуна да олуттуу укуктук тоскоолдуктарды жаратат.

Мындан тышкары, өтүнүчтө чет өлкөлүк каржылоосу бар коммерциялык эмес уюмдар үчүн өзгөчө укуктук режим, анын ичинде отчеттуулукту жана маалыматтарды жарыялоону көбөйтүү башка ушул сыяктуу уюмдарга жайылтылбай тургандыгы белгиленген. Бул Конституциянын 24-беренесинде белгиленген саясий ынанымдарына, мүлктүк абалына жана башка негиздер боюнча басмырлоого тыюу салууну бузат.

Ошентип, арыз ээси мындай чектөөлөрдү белгилөө коомдук активдүүлүктүн деңгээлин төмөндөтүп, мамлекеттик институттар менен өз ара аракеттенүүнү алсыратып, КЭУларга болгон ишенимди кетирип, алардын мыйзамдуу ишмердүүлүгүнө тоскоол болоорун баса белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-ноябрындагы аныктамасы менен “Адилет” укуктук клиникасы” коомдук фондунун кайрылуусу формасы менен мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына дал келбегендигине байланыштуу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын аныктамасында

талашылып жаткан ченемдердин биринде камтылган дефиницияга ылайык, чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткарган коммерциялык эмес уюм деп чет мамлекеттерден, алардын мамлекеттик органдарынан, эл аралык жана чет өлкөлүк уюмдардан, чет өлкөлүк жарандардан, жарандыгы жок адамдардан же болбосо көрсөтүлгөн булактардан (мамлекеттин катышуусу бар ачык акционердик коомдорду жана алардын туунду коомдорун кошпогондо) акча каражаттарын жана башка мүлктөрдү алуучу, алар ыйгарым укук берген жактардан акча каражаттарын жана башка мүлктү алуучу, анын ичинде чет өлкөлүк булактардын кызыкчылыктарында Кыргыз Республикасынын аймагында жүзөгө ашырылуучу саясий иштерге катышкан, Кыргыз Республикасынын аймагында түзүлгөн коммерциялык эмес уюм таанылат.

Бул дефиниция критерийлерди белгилейт, анын негизинде КЭУ чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткаруучу деп таанылат. Негизги критерийлер уюмга чет элдик булактардан каражаттардын түшүүсү жана саясий иш-аракеттерге катышуусу болуп саналат, бул өз маңызы боюнча анын саясий ишмердүүлүккө катышуусуна тыюу салбайт, болгону, "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $17^1$-беренеси менен системалуу байланышта, белгилүү бир милдеттер менен коштолгон мындай КЭУнун белгилүү бир статусун көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту өзүнүн 2024-жылдын 26-сентябрындагы токтомунда "мазмун" түшүнүгүнө конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн кароо үчүн конкреттүү негиздер, анын ичинде арыз ээсинин талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун конституциялуулугунда мүмкүн болгон белгисиздикти айкын далилдөөчү, Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме берүү менен ал койгон маселе боюнча укуктук мүнөздөгү төгүндөлгүс жүйөлөрдү келтирүү милдети киргизилген деп көрсөткөн.

Бирок, арыз ээси мындай укуктук жүйөлөрдү келтирбестен, талашылып жаткан ченемдерди субъективдүү чечмелөөнүн негизинде КЭУлардын

укуктарын бузуу жөнүндө билдирүү менен гана чектелген. Демек, талашылып жаткан ченемдер чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткаруучу КЭУлардын Кыргыз Республикасынын аймагында жүргүзүлүүчү саясий иштерге катышуусуна тыюу салууну белгилейт деген ырастоолор ишти конституциялык сот өндүрүшү тартибинде кароо үчүн негиз боло албайт, анткени талашылып жаткан ченемдер тыюу салуучу мүнөздөгү кандайдыр бир ченемдик жоболорду камтыбайт.

Бул контексттен алганда, судьялар коллегиясы, Конституциялык сот өзүнүн жогоруда аталган токтомунда айрым субъектилерге алардын ишинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, анын ичинде каржылоо булагын эске алганда аларга статус берүү жөнүндө судьялар коллегиясынын корутундуларынын негиздүүлүгүн тааныгандыгын белгилеген, бул өзүнчө алганда конституциялык принциптерди, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга алып келбейт. Ошондой эле, ошол эле өзгөчөлүктөргө байланыштуу кошумча милдеттенмелерди белгилөө априори бул субъекттерге мамлекет тарабынан өзүм билемдик жөнүндө далилдебейт.

Ошентип, судьялар коллегиясы арыз ээсинин жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдердин текстинде объективдүү тастыктоо тапкан  жок деп эсептейт.

Судьялар коллегиясынын чечими менен макул болбостон, Ч.И. Джакупова 2024-жылдын 26-ноябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээси кайрылууну даярдоодо жана берүүдө “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 27-беренесинде белгиленген жалпы талаптар сакталгандыгын белгилейт.

Анын пикири боюнча судьялар коллегиясы талашылып жаткан ченемдер менен Конституциянын ортосундагы системалуу байланышты тастыктаган төгүндөлгүс укуктук аргументтер жок экендиги жөнүндө билдирип, кайрылууну ар тараптуу изилдөө жүргүзгөн эмес деп эсептейт.

Кайрылууда келтирилген жүйөлөр укуктук так позицияны камтыйт жана укуктук белгисиздикти көрсөтөт жана талашылып жаткан ар бир жобо коммерциялык эмес уюмдардын ишмердүүлүгүнө таасир эткен, Конституцияга карама-каршы келүү тобокелдиктерин көрсөткөн конкреттүү жүйөлөр жана мисалдар менен бекемделген.

Баяндалгандарды эске алуу менен, Ч.И. Джакупова судьялар коллегиясынын даттанылып жаткан аныктамасын жокко чыгарууну жана анын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын даттанууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин карап чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Конституциялык сот даттанууну кароодо судьялар коллегиясынын тыянактарына кайрылууда келтирилген жүйөлөрдүн жана талаптардын так чегинде анын аныктамасын кайра карап чыгуу тартибинде, ошондой эле судьялар коллегиясынын тыянактарын жокко чыгарууга багытталган жүйөлөрдүн негизинде укуктук баа берет.

Судьялар коллегиясы кайрылуунун "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптарына дал келүүсүн текшерет. Бул талаптарды так сактоо конституциялык сот өндүрүшүн козгоонун объективдүүлүгүн, конституциялык текшерүүнүн предметин так аныктоону жана анын чектерин белгилөөнү кепилдейт. Мындан тышкары, Конституциялык соттун 2024-жылдын 26-сентябрындагы токтомунда көрсөтүлгөндөй, судьялар коллегиясы чечимди кабыл алуу үчүн негиздерди аныктоо максатында мыйзамдардын жана эл аралык укуктун ченемдерине ар тараптуу талдоо жүргүзөт. Бул берилген материалдардын Конституциянын ченемдерине шайкештиги предметине деталдуу изилдөөнү, ошондой эле арыз ээсинин талаптарынын негиздүүлүгүнө жана талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугунда күмөндүүлүктүн болушуна укуктук баа берүүнү камтыйт.

Өтүнүчтүн жана даттануунун мазмунунан алганда, талашылып жаткан ченемдер КЭУлардын биригүү жана өз пикирин билдирүү эркиндигине болгон конституциялык укуктарын чектейт жана алардын өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна катышуусуна тоскоолдук кылат. “Саясий ишмердүүлүк” түшүнүгүн кеңири чечмелөө жана күчөтүлгөн мамлекеттик көзөмөл менен айкалышта “чет элдик өкүл” статусун берүү Конституцияда кепилденген бирикмелерди түзүү эркиндигине, сөз эркиндигине, ошондой эле мамлекеттик иштерди башкарууга жарандардын реалдуу жетүү укугун чектейт.

Мамлекет КЭУлардын ишин жөнгө салуу үчүн жоопкерчилик тартат, мында ал көз карандысыздык, эгемендүүлүк, демократия жана теңдештик принциптерине таянат. Бул маселелер мыйзам чыгаруучунун дискрециялык ыйгарым укуктарына кирет, ал КЭУлардын ишинин эркиндигин да, коомдук кызыкчылыктарды да коргоону камсыз кылган ченемдерди белгилөөгө укуктуу.

Чет өлкөдөн каржыланган КЭУларга өзгөчө укуктук статустун киргизилиши алардын саясий ишмердүүлүккө катышуусунун айкындыгын камсыздоого мүмкүндүк берүүчү чара болуп саналат. Мыйзам чыгаруучу өзүнүн дискрециясын ишке ашырууда, мамлекеттин ички иштерине мүмкүн болуучу тышкы таасирди болтурбоо максатында кошумча критерийлерди жана контролдоо механизмдерин аныктай алат. Мындай мамиле конституциялык принциптердин чегинде калуу менен биригүү эркиндиги менен коомдук кызыкчылыктарды коргоо зарылчылыгынын ортосундагы тең салмактуулукту сактоо үчүн зарыл.

Белгилей кетсек, талашылып жаткан ченемдер КЭУлардын саясий ишмердүүлүгүнө тыюу салуу киргизбейт, болгону алардын ниетине ачык-айкындуулукту жана ишенимдүүлүктү бекемдөөгө багытталган кошумча милдеттенмелерди гана белгилейт. КЭУлар өздөрүнүн максаттарына жана милдеттерине карабастан саясий маселелерди талкуулоого багытталган иш-чараларды уюштурууга, коомдук пикирди калыптандырууга катышууга,

мамлекеттик органдардын чечимдерине мыйзамдуу жол менен, анын ичинде коомдук кайрылуулар аркылуу таасир этүүгө укуктуу.

Тиешелүү түрдө КЭУлар өз көз карашын билдирүү, жарандардын кызыкчылыктарын коргоо жана коомдук маанилүү процесстерге катышуу мүмкүнчүлүгүн сакташат.

Конституциялык сот өзүнүн 2023-жылдын 7-июнундагы Чечиминде ар кандай коомдук бирикмелердин ишин укуктук жөнгө салуунун адекваттуу өзгөчөлүктөрүн белгилөөнүн критерийлери аларды түзүүнүн себептеринин жана алар көздөгөн максаттардын өзгөчөлүктөрүнүн айырмачылыктарына негизделгенин белгилеген. Мында мамлекеттин кызыкчылыгы маанилүү фактор катары чыгат, ал атайын укуктук статуска негизделет, демек, коомдук бирикмелердин ишинин өзгөчөлүктөрүнө жана мүнөзүнө жараша берилүүчү жыйынды маалыматтын мазмунундагы айырмачылыктарды окшош субъекттерге бирдей эмес мамиле,  мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдейлиги конституциялык принцибин жана басмырлоого тыюу салууну бузуу катары баалоого болбойт.

Өзүнүн даттануусунда кайрылуу субъектиси Венеция комиссиясынын корутундусуна шилтеме жасап, арыз ээсинин укуктук негиздемелеринин аталган эл аралык органдын позициялары менен окшоштугун баса белгилеген. Бирок ошол эле документте Венеция комиссиясынын өзү “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талашылып жаткан ченемдери (2-берененин 7-11-бөлүктөрү) КЭУлардын ишмердүүлүгүнө тикелей тыюу салбайт деп белгилейт, болгону бул ченемдер чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткарган уюмдардын ишин чектейби деген суроо коет (57-пункт).

Ошентип, Конституциялык сот судьялар коллегиясынын тыянактарын жокко чыгаруучу жана Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-ноябрындагы аныктамасын жокко чыгарууну шарттаган жетиштүү укуктук негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын

Конституциялык соту жөнүндө” Конституциялык мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М К Ы Л Д Ы:**

1. “Адилет” укуктук клиникасы” коомдук фондунун директору Чолпон Идиновна Джакупованын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 18-ноябрындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**